**«БЕКИТЕМИН»**
**Ош мамлекеттик университетинин**
**илимий иштер боюнча проректору,**
**м. и. д., профессор Б.З. Осумбеков**
**______________________**
**«___»__декабрь__2020-ж.**

**Изденүүчү Калиев Азамат Сайитовичтин 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган “Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)” деген аталыштагы диссертациясына карата жетектөөчү мекемесинин**

# ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, мамлекеттик программалар (практиканын, илимдин жана техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

**Азамат Сайитович Калиевдин** “Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)” деген темадагы **23.00.02** - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык Кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Этностор аралык мамилелер ааламдашуу доорунда дүйнө элдеринде, ошону менен катар Кыргызстанда социалдык-саясий өзгөрүүлөр менен коштолуп жаткандыгы жалпыбызга маалым. Узак мезгилдер ичинде союздук республика болуп келген бирдиктүү күчтүн кулоосу мамлекеттердин эгемендүүлүктү алуусу менен гана чектелген жок. Башкарууну өз колуна алган мамлекеттерде мурдатан билинбей келген пикир келишпестиктерге, саясий туруксуздуктун терс таасири күчөп, этностор аралык чыр-чатактардын ачыкка

чыгуусуна түрткү болду. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салуу аракеттери негизги маселе катары, күн тартибинде туруп, алардын туруктуулугун жана улуттук коопсуздугун жөнгө салуу багытында бир катар перспективдүү пландар иштелип чыкты.

Кыргыз Республикасында жарандардын биримдигин чыңдоо жана этностор аралык мамилелерди жакшыртуу мамлекетти туруктуу өнүктүрүүнүн эң маанилүү шарты болуп саналып, улуттук коопсуздуктун абалына түздөн-түз таасирин тийгизет. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, мамлекеттин бекемдиги жарандардын жалпы максатка карай аракеттенип, ар бир жаран өз келечегин ошол мамлекетте көрө билгенде гана ишке ашат.

Кыргыз Республикасындагы болуп жаткан демократиялык саясий процесстер: 2005, 2010-жылдардагы саясий окуялар, мамлекеттик башкаруу системасынын парламенттик-президенттик башкаруу системага өтүү жана башка өзгөрүүлөр көптөгөн жылдар бою этностор аралык мамилелер жаатындагы карама-каршылыктар, социалдык коомдун арасындагы көйгөйлөрдү ачыкка чыгарды. 1990-жылдагы этностор аралык конфликтердин себептерин жоюу боюнча иш-аракеттердин жоктугу 2010-жылдын июнундагы Кыргызстандын түштүгүндөгү кайгылуу конфликтердин кайталанышына алып келди.

Мамлекеттин биримдигине жетишүү, этностор аралык мамилелерди жакшыртуу бардык мамлекеттик органдардан жана ар бир жарандан олуттуу күч-аракеттерди талап кылат. Биргелешкен иш-аракеттер жалпы жарандык бирдейликти калыптандырууга кайдыгер болгон факторлорду жоюуга, социалдык жаңжалдарды тынчтык жолу менен чечүү үчүн механизмдерди түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бирдиктүү жарандык улут “Кыргыз жаранын” калыптандырууга жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу чоң. Официалдуу маалыматтар боюнча Кыргызстандын түштүгүндө 1963, 1990, 2010-жылдары жогорудагыдай мүнөздүү белгилерге ээ каргашалуу конфликтер катталган. Кагылышуунун негизги өбөлгөлөрү катары саясий туруксуздук, экономикалык, социалдык, саясий, аймактык, саясий элитанын бийлик үчүн күрөшүндөгү конфликтке алып келген чакырыктары, бийлик үчүн күрөш, этностор аралык байланыш менен мамилелердин чыңалуусун жараткан. Адамзат канча мезгил жашаса, ошончо мезгил конфликтүү кырдаал коштоп жүргөндүктөн бул феномендин илимий анализи дайыма актуалдуу болуп саналат.

Этностор аралык өнүгүү тенденцияларын прогноздоо, улуттук-этникалык толеранттуулук принциптерин ишке ашыруу, коомдогу инсандын ордун социалдык маданиятын, аң-сезимин жогорулатууга багыт алуу, кадр саясатын жүргүзүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес

уюмдарынын ролу изилдөөнүн негизги мазмунун түзүп, теманын актуалдуулугун аныктайт.

Изденүүчүнүн диссертацияда коюлган маселелерди изилдөөдө аларды саясий илимдеринин методологиялык инструментарийин гана колдонбостон, саясий талдоого да өзгөчө көңүл бөлүүсү диссертациянын актуалдуулугу менен анын коомдук жана мамлекеттик-практикалык маанисинин жогору экендигинен кабар берет.

**2. «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.**

А.С.Калиевдин саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык ишинин кол жазмасында бир катар жаңы илимий-практикалык саясий жыйынтыктар алынган. Ал жетишкендиктер кыргыз саясий илимине белгилүү деңгээлде салым кошуп, кыргыз саясий илиминин өнүгүшүнө да алгылыктуу таасир тийгизе алат. Алар төмөнкүлөр:

***1-жыйынтык.*** Этностор аралык мамилелердин концепциялары, теориялык моделдери дүйнөлүк тажрыйбалардын негизденип иликтенген.

***2-жыйынтык.*** Этностор жана улуттар аралык мамилелердин теориялык негиздери жана көп түрдүү багыттары аныктоонун негизинде талдоого алынган.

***3-жыйынтык.*** Изилдөөнүн парадигмалары, социологиялык усулдары, прагматикалык жана функционалдык багыттары эл аралык жанан ата мекендик окумуштуулардын тажрыйбалары талданган.

***4-жыйынтык.*** Мамлекеттин ички саясатында Кыргыз тилине берилген статус, мамлекеттеги демократиялык кыймылдардын таасирлери, КР Конституциясынын негиздери, өлкөдө жашаган башка этностор арасында наразычылыктар Кыргызстан элинин Ассамблеясынын түзүлүшүнө, этностор аралык мамилелерге байланышкан президенттердин жарлыктарын, мыйзамдарды, этникалык өнүгүү концепцияларын кабыл алынуусуна түрткү болгон.

***5-жыйынтык***. Этностор аралык конфликтерди жөнгө салууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары негизги орунда турат. Анткени көйгөйлөр токтоосуз чечүүнү талап кылган жергиликтүү маселеден башталат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн аймагындагы жарандарынын көйгөйлөрүн жакшы билишет жана аларды чечүүгө милдеттүү. Ал көйгөйлөрдү чечүүгө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрү бар экендиктери тастыкталган.

***6-жыйынтык.*** Кыргызстандын түштүгүндөгү жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык конфликтерди токтотууда жана чечүүдөгү тажрыйбасы талдоого алынган. Алардын конфликти токтотууда жана жөнгө салууда чоң мүмкүнчүлүгү бар экендиги аныкталды.

***7-жыйынтык.*** Өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда аткарган иштери оң таасирдуу болгону менен терс таасирдүү тажрыйбалары да бар экендиги талданган.

***8-жыйынтык.*** Жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдар коомдук башталышта жергиликтүү жарандар арасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташып жыйналыштарды тренинг-семинарларды уюштуруу аркылуу чет мамлекеттердин тажрыйбасын жайылтышат. Этностор арасындагы ынтымак менен биримдикти чыңдоого тажрыйбалары бар.

3. **Диссертациялык иштеги ар бир натыйжанын (илимий жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Калиев Азамат Сайитовичтин диссертациясын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундуланган актуалдуу илимий изилдөө иш катары бааласа болот. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролун мындан ары иликтөөдө маанилүү концептуалдык–методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

Изденүүчү диссертациянын жыйынтыктарын, илимий жоболорун негиздөө үчүн саясий илиминин азыркы парадигмалары жана усулдары теориялык-методологиялык аппаратын кеңири колдонуусу бул эмгекте ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга шарт түзгөн.

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

**1-натыйжа.** Этностор аралык мамилелердин примордиалисттик, конструктивисттик жана инструменталисттик концепциялары изилдөөнүн парадигмаларын түзгөн. Этностордун, улуттун (нациянын) түзүлүшүнө ар түрдүү көз караштар болгону менен изилдөөчүлөр этностун алгачкы калыптануусу уруулук же топтук түзүлүштөн башталат деп эсептешет.

**2-натыйжа.** Кыргыз Республикасындагы болуп жаткан демократиялык саясий процесстер: 2005 жана 2010-жылдардагы саясий төңкөрүштөр, 2010-ж. кыргыз-өзбек этностор аралык конфликтер, мамлекеттик башкаруу системасынын парламенттик-президенттик башкаруу системага өтүү жана көп партиялуу системанын республикадагы тажрыйбасы этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсүнө негиздүү болушу үчүн саясий партияларга этностук азчылыкка квоталар шайлоо кодексине киргизилген жана Кыргыз жаранынын калыптануу концепциясы кабыл алынган.

**3-натыйжа.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, эл аралык жана КР укуктук нормаларынын негизинде этностор аралык конфликтердин алдын алууга, мыйзам чегинде этностор аралык мамилелерди бекемдөөгө түз жоопкерчиликтүү жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө этникалык топтун өкүлдөрүн катыштыруу аркылуу этностор аралык конфликтерди жөнгө салып, мамилелерди калыптандырууга багыт алуу мүмкүнчүлүгү бар. Республикалык масштабда жаңы институттарды түзүүнүн кажети жок себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамында жана өз алдынча башкаруу органдарынын структурасында этностор аралык конфликтердин алдын алууга жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөрү бар.

**4-натыйжа.** Жергиликтүү жамаат, айыл аксакалдары менен диний уюмдардын өкүлдөрүнүн кызматташтыгы Ош, Жалал-Абад жана Өзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында конфликти токтотууда жана жөнгө салууда ийгиликтүү тажрыйбага жетишкен. Убактылуу Өкмөттүн учурунда аталган жамааттар (июнь, 2010-ж.) өз тургундарын тынчтанууга, конфликти токтотууга жана жөнгө салууга жасаган аракеттери менен легитимдүүлүгүн далилдешкен.

**5-натыйжа**. Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар жана жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди, кызматташууларды жөнгө салуудагы ролу орчундуу болгон. Кээ бир учурлардагы Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдардын этностук азчылыктын укугун коргоо багытында жалаң бир (өзбек) этностон турган топтор арасында тренинг-семинарларды өтүүсү башка этносторго терс таасирин тийгизген. Ошол эле учурда этностук азчылыктын өкүлдөрүнүн кээ бир мүчөлөрү тарабынан сеператисттик багыттардын жаралуусун жараткан.

**6-натыйжа**. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда өз ара

кызматташтыктарды өркүндөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын этностор аралык конфликтерди токтотуу, жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын оң тажрыйбасын колдонуу жана жайылтуу зарыл. Анткени этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсү, мамлекеттин бүтүндүгү көп баскычтуу жана ар дайымкы кызматташуулардан көз каранды.

## 3. Диссертациялык иштеги ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык деңгээли.

Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңылык деңгээли жогоруда айтылган эксперттик корутундунун беренелеринде чагылдырылган. Ошол эле учурда принципиалдуу жаңылык катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

**1 - натыйжа.** Этностор аралык мамилелер эгемендүү Кыргызстандын саясатында белгилүү деңгээлде чагылдырылган, бирок диссертацияда айрым жаңы фактылар менен толукталгандыгына байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликти жөнгө салуудагы ролу менен кызматташтыгынын теориялык негиздерин, түптөнүшүн, калыптанышын саясий аспектиде комплекстүү, тарыхый-хронологиялык жана саясий-проблематикалык тартипте алгачкы жолу изилденишин **жарым-жартылай жаңылык** деп баалоого болот.

**2 - натыйжа.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүгүн эске алып жергиликтүү жаңы институттарды түзүүнүн зарылчылыгы жок. Укуктук ченемдик актылар жетиштүү, болгону жергиликтүү жамааттарга жеткирүү жана аткаруу теориялык негиздемелерине жаңыча аныктамалардын сунушталышы, этностор аралык конфликтердин алдын алуу багытында күчтөнтүү ишмердигин (2 бап 2.2 бөлүмчөсү 76 бет) азыркы саясий көз карашта сыпаттоосун автордун илимий ишинин **негизги жаңылыгы** катары эсептөөгө болот. Бул тема диссертациялык деңгээлде мурда атайын каралган эмес.

**3 - натыйжа.** Диссертацияда талдоого алынган 2010-жылдагы Июнь окуялары мезгилиндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракетин алгачкылардан болуп саясий анализдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролун иш багыттарынын негизи болгон туруктуулукка жетишүүнү иликтөөгө алуу илимий иштин **дагы бир жаңылыгы** болуп саналат.

**4 - натыйжа.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын келечектеги кызматташууларынын өсүшүнө багытталган автордун бир катар практикалык сунуштарды (корутунду 150-151

бб.) берүүсү илимий иштин практикалык маанисин жогорулатат.

**5 - натыйжа.** Демек, автордун бул эмгегин булактык материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот.

**5. Диссертациядагы алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо.**

Калиев Азамат Сайитовичтин «Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)» деген темадагы диссертациясында алынган натыйжалардын ички биримдиги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын саясий системадагы ордун аныктоо менен бул институтту өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу максаты менен шартталат.

Буга байланыштуу негизги жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар диссертациянын максаты жана анын алкагында коюлган маселелерди чечүү процессиндеги бул эмгектин түзүмдүк композициясы менен мазмунун түзгөн элементтердин бирдиктүүлүгү менен да мүнөздөлөт.

**6. Изденүүчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.**

Калиев Азамат Сайитовичтин диссертациясы азыркы Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликтердин алдын алуудагы саясий системадагы ролун аныктоо менен бул институтту өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууга багытталган.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык мааниси биринчи кезекте азыркы Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликт көйгөйлөрүн изилдеп чыгып, анын өнүгүүсүнүн саясий факторлору жана перспективалары боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууда жатат.

Автор иштеп чыккан айрым тыянактар менен практикалык сунуштар мамлекеттик мыйзамдарды жакшыртууда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы ишмердигин уюштурууда да колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын теориялык жоболору жана тыянактары Кыргыз Республикасынын саясий илиминин тиешелүү аспектилери боюнча эмгектерди жаратууда, жогорку окуу жайларында саясат таануу сабактарын өтүүдө да

колдонулушу мүмкүн.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын жарыялануусун ырастоо.**

Диссертациялык иштин негизги жоболору, натыйжалары жана жыйынтыктары изденүүчүнүн 22 илимий эмгектеринде чагылдырылган.

Диссертация Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы «Философия жана гуманитардык илимдер» кафедрасынын кеңейтилген отурумунда, Ош мамлекеттик университетинин «Философия жана политология» кафедрасынын кеңейтилген отурумундарында талкууланып, коргоого сунушталды.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толук туура келет, диссертацияда максаты жана милдеттерине авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**9. Диссертациянын мазмуну жана жазылышы боюнча кемчилдиктери.**

Калиев Азамат Сайитовичтин диссертациялык изилдөөсүнүн натыйжаларын, иштин актуалдуулугун жана маанилүүлүгүн оң баалоо менен, анын кээ бир кемчилдиктерин белгилөөгө болот.

Биринчиден, диссертацияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердигин талдоодо ачык сын-пикирлерди тартынбастан айтканда, иштин деңгээлине оң таасирин бермек.

Экинчиден, иште тыныш белгилери боюнча редакциялык каталар кездешет.

Үчүнчүдөн, колдонулган адабияттардын тизмеси боюнча нормативтик-укуктук актылар өзүнчө бөлүнүп көрсөтүлүшү абзел.

Жалпысынан диссертациялык изилдөө актуалдуу, коюлган талаптарга жооп берет. Диссертант тарабынан жогорку баага татыктуу, көлөмдүү жумуш аткарылган.

**10. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына туура келиши.**

Калиев Азамат Сайитовичтин «Этностор аралык конфликтерди жөнгө

салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)» деген темадагы диссертациялык изилдөөсү 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши өз алдынча жазылган жана толугу менен бүткөн изилдөө болуп, «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына толук туура келет.

Диссертант Калиев Азамат Сайитович 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Жетектөөчү мекеменин пикири Ош мамлекеттик университетинин Философия жана политология кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланган жана 2020-жылдын 14-декабрындагы №3-протоколунун Токтому менен кабыл алынган.**

**Философия жана политология кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент** **К.А. Курбанбаев**

Ош МУ
Тастыктаймын
20*20* ж. «*18*» *12*
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.